**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ ЖАНА ИННОВАЦИЯ МИНИСТРЛИГИ**

**С.НААМАТОВ атындагы НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ПЕДАГОГИКА, ТАРЫХ ЖАНА ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ КАФЕДРАСЫ**

| | |
|---|---|
| **МАКУЛДАШЫЛДЫ** | **БЕКИТЕМИН** |
| Окуу бөлүмүнүн башчысы | Академиялык иштер боюнча проректору |
| _______ Ж.Ж.Усубалиева | _______ К.О.Омурова |
| "5" 09 2025 г. | "_" 09 2025 г. |

# БАЛДАРДЫ МЕКТЕПКЕ ДАЯРДОО ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ЖУМУШЧУ ПРОГРАММАСЫ

Даярдоонун багыты 550700 « Педагогика »

Даярдоонун профили: Башталгыч билим берүү

Бүтүрүүчүнүн квалификациясы: бакалавр

Окутуу формасы: күндүзгү, аралыктан (дистанттык)

**Нарын -2025**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 21-сентябрындагы No 1578/1 буйругу менен бекитилген 550700 «Педагогика» программасы боюнча Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык түзүлгөн.

Жумушчу программаны түзгөн п.и.к.____________М.К.Асанкулова

**“Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын»** «3» сентябрь 2025 жылдын №2 протоколу менен жактырылды.

Кафедра башчысы п.и.к, доцент____________ Э.О. Бектурова

НББП жетекчиси, пик., доцент ____________ Э.О. Бектурова

**Педагогика факультетинин** «4» сентябрь 2025 жылдын №1 протоколу менен жактырылды.

Декан,
т.и.к, профессордун м.а. ____________ Г.О. Эсеналиева

**МАЗМУНУ**

1. Аннотация ……………………………………………………………………..4

2. Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты жана милдеттери…………………4

3. НББПнын түзүмүндөгү окуу дисциплинасынын орду …………………...5

4. Дисциплинаны окутуунун билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжалары менен катнаштырылган мерчемделген натыйжалары …………6

5. Окуу дисциплинасынын мазмуну жана түзүмү ……………………………10

5.1. Окуу дисциплинасынын түзүмү ……………………………………….....10

5.2. Окуу дисциплинасынын бөлүмдөрүнүн мазмуну ……………………...11

5.3. Окуу дисциплинасынын мазмуну ………………………………………11

6. Билим берүү технологиялары ……………………………………………17

6.1. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу билим берүү технологиялары.17

6.2. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары ……………………………………………………………18

7. Жетишүүнү күндөлүк текшерүүнүн, арадагы аттестациянын жана окуу дисциплинасында ишке ашырылуучу компетенцияларды баалоочу каражаттар …………………………………………………………………18

8. Окуу дисциплинасы боюнча текшерүүчү-баалоочу ишмердүүлүктү уюштуруу ……………………………………………………………………..19

9. Калтырылган сабактарды кайра тапшыруунун түрлөрү,формалары...........23

10. Дисциплинанын окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздоосу ……….24

11. Окуу дисциплинасынын материалдык-техникалык камсыздоосу ………25

12. Окуу-усулдук камсыздоонун тизмеси ………………………………..25

13. Тиркемелер…………………………………………………………26-38

# 1. АННОТАЦИЯ

«Балдарды мектепке даярдоо процесси» дисциплинасы 550700 – Педагогикалык билим берүү багытынын **“Башталгыч билим берүү” “Мектепке чейинки билим берүү”** профилинин окуу планында **кесиптик түрмөктө** (коду: Б.1.3.7.) орун алган. Аны окутууга бөлүнгөн сааттардын жалпы саны – 180, аудиториялык сааттар – 90, анын ичинде дарс – 50, семинардык сабак – 40 саатты түзөт. Ал эми 90 саат студенттин өз алдынча ишине ажыратылган. Баары биригип 6 кредитти түзөт. Курс 7-семестрде окутулат. Дисциплинанын кредиттердеги (зачеттук бирдиктердеги) өлчөмү, аудиториялык жана өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарын көрсөтүү менен 1-жадыбалда келтирилген.

**1-жадыбал. Дисциплинанын жалпы эмгек сыйымдуулугу**

| Түрмөгү жана коду | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу (кредити) | Бардыгы (саатарда) | Аудиториялык иштин көлөмү (саат) | | | СӨИ | Аттестациялоо формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Дарс | Прак. сабак | Лаб. Иш | | |
| Б.1.3.7. | 7 | 6 | 180 | 50 | 40 | - | 90 | Экзамен |

Кыскача мазмуну: Балдардын мектептеги окууга даярдыгынын психологиялык, педагогикалык проблемалары. Баланын мектепте окутууга даярдыгы жөнүндө түшүнүк. Мектепте окутууга даярдыктын компоненттеринин мүнөздөмөсү. 5-6-жаштагы балдардын дене боюнун жана психикалык өнүгүшүнүн курактык өзгөчөлүгү. Мектепке психологиялык жактан даяр болуунун диагностикалоо. Тарбиялоонун милдеттери. Балдардын жашоо-турмушун уюштуруу. Балдардын ден соолугун коргоо жана чыңдоо жөнүндө камкордук. Балдарды күндөлүк турмуштагы тарбиялоо. Этикет. Айлана-чөйрө жана коомдук турмуштун көрүнүштөрү менен тааныштыруу. Оюн. Эмгек. Эмгектенүү системасына катышуусу. Билим берүү процессин уюштуруу. Активдүүлүк борборлорун жабдуу. Кеп өстүрүү. Сабатка үйрөтүү. Эң жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу. Мектеп жашына чейинки жогорку куракта психологиялык өнүгүүнүн жыйынтыктары. Баланы мектепке психологиялык жактан даярдоого кеңештер боюнча жаңы билимдер берилет.

# 2. ДИСЦИПЛИНАНЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Курстун **предмети**- азыркы мектеп окуучулары үчүн балдардан акыл-эстин аналитикалык жана чыгармачыл эмгегинин мындан мурдагыда караганда кыйла татаал формаларын, ыймандык-эрктик сапаттын бийигирээк деңгээлин, эмгекчилдикти, чаалыкпастыкты талап кылаарын, атайын билимдердин жана көндүмдөрдүн болушу эске алынган. Программада балдарда ар тараптан тарбиялоонун, окутуунун, өнүктүрүүнүн жана мектепке даярдоонун милдеттери жана мазмууну аныкталган.

**1.2. Дисциплинаны окутуунун максаты:**

- Баланын мектепке даяр болуусун психологиялык жактан диагностикалык баалоо жүргүзө алуу менен 5-6-жаштагы балдардын дене боюнун жана психикалык өнүгүшүнүн курактык өзгөчөлүгү менен таанышуу.

- Баланы тарбиялоо менен  аң-сезимдүүлүгүн жогорулатууну, аларда мекенге болгон сүйүүнү тарбиялап чыгарууну максаттоо;
- Баланы мектепке натыйжалуу даярдоого багыт алуу;

**1.3.Дисциплинаны окутуунун милдеттери:**

- Баланын  психикалык өнүгүшүнүн курактык өзгөчөлүгү менен таанышууга;
- Кабыл алуу, эстетикалык сезимдерди,түшүнүктөрдү  үзгүлтүксүз өнүктүрүүгө;
- Көркөмдүк жагынан билимге, практикалык ыкмаларга үйрөтүүнү, курчап турган чөйрөгө   кызыгуу сезимин тарбиялоого;
- Эстетикалык табиттин негизине жана турмуш көрүнүштөрүнө өз алдынча баа бере билүү жөндөмдүүлүгүн калыптандырууга;
- Дүйнөлүк жана ата-мекенибиздеги   маданияттык тарыхый мурастар менен тааныштырууга;
- Кенже класстагы окуучулардын табитин өстүрүүдө эстетикалык тарбиянын негизин түзүүгө;
- Келечектеги мугалимдин маданиятын, эстетикалык көз карашын өстүрүү менен чыгармачылыгын өнүктүрүүгө багытталат.

## 3. НББПНЫН ТҮЗҮМҮНДӨГҮ ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ОРДУ

«Балдарды мектепке даярдоо процесси» дисциплинасы **550700** – Педагогика багытынын **“Башталгыч билим берүү” “Мектепке чейинки билим берүү”** профилинин окуу планында **кесиптик түрмөктө** (коду: Б.1.3.7.) орун алган. Баланын мектепке даяр болуусун психологиялык жактан диагностикалык баалоо жүргүзө алуу менен 5-6-жаштагы балдардын дене боюнун жана психикалык өнүгүшүнүн курактык өзгөчөлүгү менен таанышуу. Баланы мектепке натыйжалуу даярдоого багыт алууну көздөйт.

Жогорку дисциплиналарды өткөн соң студенттерде калыптандырылууга тийиштүү компетенциялар 2-жадыбалда көрсөтүлдү

**2-жадыбал. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүгө чейин студенттерде калыптандырылган компетенциялар**

| Коду | Дисциплинанын аталышы | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу, кредиттерде | Калыптандырылган компетенциянын коду |
|---|---|---|---|---|
| Б.1.3.1. | Психология | 1, 2, 3 | 3, 3, 4 | ШК-1 |
| Б.1.3.2. | Педагогика | 1, 2, 3 | 3, 3, 4 | ЖИК-1; ЖИК-2; ШК-2; ШК-3; ШК-5; КК-4 |
| Б.1.3.4. | Билим берүүнүн жаңы технологиялары | 5, 6 | 6 | ЖИК-4; ЖИК-5; ШК-2; ШК-5; КК-11 |
| Б.1.3.10. | Тил илимине киришүү жана коллиграфия | 2, 3 | 3, 3 | ЖИК-5; ШК-2; ШК-5; КК-11 |
| Б.1.3.22. | Башталгыч мектепте кыргыз тилинин окутуунун методикасы | 4, 5 | 4, 4 | ЖИК-2; ШК-2; ШК-3; ШК-5; КК-4 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Б.1.3.24. | Башталгыч мектепте математиканы окутуунун методикасы | 8 | 4, 4 | ЖИК-2; ШК-2; ШК-3; ШК-5; КК-4 |

«Балдарды мектепке даярдоо процесси» дисциплинасын окуп-үйрөнүп аягына чыккан соң студенттер баланын өнүгүү деңгээлине диагностикалык баалоо жүргүзөт жана анын жыйынтыгына жараша кеңеш берүү, ага карата профилактикалык иштерди жүргүзүү көндүмдөрүнө ээ болушуп, окутуунун заманбап, илимий-технологиянын негизинде окуучулардын кызыгуусун жана жетишкендиктерин эске алуу менен окуу процессин пландаштырууга жана ишке ашырууга жөндөмдүү кесиптик даярдыкка жетишишет.

## 4. ДИСЦИПЛИНАНЫ ОКУТУУНУН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ МЕНЕН КАТНАШТЫРЫЛГАН МЕРЧЕМДЕЛГЕН НАТЫЙЖАЛАРЫ

**550700** – Педагогикалык билим берүү багытынын **“Башталгыч билим берүү” “Мектепке чейинки билим берүү”** профили боюнча даярдалган бакалавр НББПнын максат-милдеттерине жана ЖКББ МББСда көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерирне ылайык, жалпы илимий (ЖИК), шаймандык (ШК), социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК), кесиптик компетенцияларга (КК) ээ болууга тийиш. “Балдарды мектепке даярдоо процесси” окуу дисциплинасын өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялардын тизмеси 3-жадыбалда көрсөтүлгөн.

**3-жадыбал. Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялар**

| Коду | Компетенциянын мазмуну |
|---|---|
| **КК-5** | **Билим берүү программаларын өз алдынча тандап, аларга ылайыктуу дидактикалык материалдарды талдай алат жана педагогикалык рефлексиянын негизинде аларды окутуу процессинде адаптациялап колдонууга жөндөмдүү.** |
| **КК-11** | **Мектепке чейинки жана башталгыч мектеп жашындагы баланын когнитивдик, социалдык-эмоционалдык, физикалык жана эстетикалык өнүгүүсү боюнча теориялык билимдерге ээ.** |
| **КК-15** | **Психологиялык-педагогикалык диагностикалоону жүргүзө алат жана анын жыйынтыгына жараша кеңеш берүүгө жөндөмдүү.** |

Аталган дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студенттерде калыптандырылуучу компетенциялар жана алардын түзүүчүлөрү 4-жадыбалда көрсөтүлгөн.

**4-жадыбал. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялар жана алардын түзүүчүлөрү**

| Коду | Компетенциянын аталышы | Компетенциянын түзүүчүлөрү | |
|---|---|---|---|
| КК-5 | Билим берүү программаларын өз алдынча тандап, аларга ылайыктуу дидактикалык материалдарды тандай алат жана педагогикалык рефлексиянын негизинде аларды окутуу процессинде адаптациялап колдонууга жөндөмдүү (ПК-5). | Билет: | Сабактын максатына жараша дидактикалык материалдарды тандай алат; |
| | | Кыла алат: | “Билим берүү программаларын өз алдынча тандайт; |
| | | Ээ болот | Педагогикалык рефлексиянын негизинде аларды окутуу процессинде адаптациялап колдонууга жөндөмдүү; |
| КК-11 | Мектепке чейинки жана башталгыч мектеп жашындагы баланын когнитивдик, социалдык-эмоционалдык, физикалык жана эстетикалык өнүгүүсү боюнча теориялык билимдерге ээ, профилактикалык иштерди уюштура алат; | Билет: | Баланын өнүгүү деңгээлинин (Акыл-эс, социалдык, укуктук)<br>• Физикалык<br>• Мотивациялык<br>• Акыл-эстик даярдык<br>• Эмоционалдык-эрктик<br>• Баарлашуу компоненттери жөнүндө билет; |
| | | Кыла алат: | Балдардын даярдыгын текшерүүгө тесттерди жүргүзө алат; |
| | | Ээ болот | Өнүгүү деңгээлине жараша профилактикалык иштерди уюштура алат; |
| КК-15 | Психологиялык-педагогикалык диагностикалык баалоо жүргүзө алат жана анын жыйынтыгына жараша кеңеш берүүгө жөндөмдүү. | Билет: | Баланын мектепке даяр болуусун психологиялык жактан диагностикалык баалоо жүргүзө алат; |
| | | Кыла алат: | Баланын «Психикалык өнүгүүсүнүн картасын» түзө алат |
| | | Ээ болот | Психологиялык-педагогикалык диагностикалык баалоонун жыйынтыгына жараша ата-энелерге кеңеш бере алат. |

Дисциплинаны өздөштүрүү аяктаган соң студенттер ар бир компетенциялар боюнча конкреттүү күтүлүүчү натыйжаларга жетүүлөрү тийиш. Ар бир күтүлүүчү натыйжа конкреттүү көндүмдөрдү билүүнү, колдоно билүүнү, аларга ээ болууну камтыйт. Бул көрсөткүчтөр 5-жадыбалда чечмеленип берилди.

**5-жадыбал. Окуучунун дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялары**

| Компетенциянын коду жана аталышы | Компетенциянын түзүүчүлөрү | Калыптангандык деңгээлдери | Деңгээлдерди өздөштүрүүнүн негизги белгилери – дескрипторлор (натыйжага жетишүү көрсөткүчтөрү) |
|---|---|---|---|
| КК-5: Билим берүү программаларын өз алдынча тандап, аларга ылайыктуу дидактикалык материалдарды тандай алат жана педагогикалык рефлексиянын негизинде аларды окутуу процессинде адаптациялап колдонууга жөндөмдүү. | Билет: | 1-деңгээл (баштапкы) | Сабактын максатына жараша дидактикалык материалдарды темага жараша тандайт; |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | Сабактарда дидактикалык материалдарды өзгөртүп түзүүнү билет; |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | Сабактын максатына жараша дидактикалык материалды талдай алат |
| | Кыла алат: | 1-деңгээл (баштапкы) | “Билим берүү программалары жөнүндө маалыматы бар |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | “Билим берүү программаларын анализдей алат. |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | “Балдарды мектепке даярдоо” программасынын негизинде сабактарды пландаштыруу менен уюштура алат; |
| | Ээ болот: | 1-деңгээл (баштапкы) | Окуучулардын кызыгуусуна жараша сабактарды пландаштырат; |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | Окуучулардын жетишкендииктерин эске алуу менен сабактарды пландаштырат; |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | Педагогикалык рефлексиянын негизинде аларды окутуу процессинде адаптациялап колдонууга жөндөмдүү; |
| КК-11: Баланын өнүгүү деңгээлин (Акыл-эс, социалдык, укуктук) диагностикалык баалоо жүргүзөт жана ага карата профилактика | Билет: | 1-деңгээл (баштапкы) | Баланын өнүгүү деңгээлин диагностикалоо жөнүндө билет |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | Баланын өнүгүү деңгээлин компоненттерге бөлүнүүсүн билет |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | Баланын өнүгүү деңгээлинин (Акыл-эс, социалдык, укуктук)<br>• Физикалык<br>• Мотивациялык<br>• Акыл-эстик даярдык<br>• Эмоционалдык-эрктик<br>• Баарлашуу<br>компоненттери жөнүндө билет; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| лык иштерди жүргүзө алат. | Кыла алат: | 1-деңгээл (баштапкы) | Баланын мектепке даярдыгын текшерүүчү тесттерди талапка жараша тандай алат |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | Баланын мектепке даярдыгын текшерүүчү тесттерди жүргүзүүдөгү эрежелерди колдоно билет |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | Баланын мектепке даяр болуусун психологиялык жактан диагностикалык баалоо жүргүзө алат; |
| | Ээ болот: | 1-деңгээл (баштапкы) | Өнүгүү деңгээлине жараша балдарды топторго бөлө алат; |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | Өнүгүү деңгээлине жараша топторго тапшырмаларды бере алат; |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | Өнүгүү деңгээлине жараша профилактикалык иштерди уюштура алат; |
| **КК-15:** Психологиялык-педагогикалык диагностикалык баалоо жүргүзө алат жана анын жыйынтыгына жараша кеңеш берүүгө жөндөмдүү. | Билет: | 1-деңгээл (баштапкы) | “Үй” методикасын билет |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | “Үй” методикасын, Керн-Йерасектин мектепке даяр болууну текшерүүчү тестин билет |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | “Үй” методикасын, Керн-Йерасектин мектепке даяр болууну текшерүүчү тестин «Графикалык диктант» (Д.Б.Эльконин) тесттерин билет |
| | Кыла алат: | 1-деңгээл (баштапкы) | Баланын «психикалык өнүгүүсүнүн картасын» түзүү эрежелерин билет |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | Баланын «психикалык өнүгүүсүнүн картасын» мааламаттарын топтой алат. |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | Баланын «Психикалык өнүгүүсүнүн картасын» өнүүгүүсүнө жараша түзө алат |
| | Ээ болот: | 1-деңгээл (баштапкы) | Психологиялык-педагогикалык диагностикалык баалоонун жыйынтыгын чыгара алат. |
| | | 2-деңгээл (ортоңку) | Психологиялык-педагогикалык диагностикалык баалоонун жыйынтыгына жараша ата-энелер менен уюштуруу ишин аткара алат. |
| | | 3-деңгээл (жыйынтыктоочу) | Психологиялык-педагогикалык диагностикалык баалоонун жыйынтыгына жараша ата-энелерге кеңеш бере алат. |

## 5. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ТҮЗҮМҮ

### 5.1. Окуу дисциплинасынын түзүмү

“Балдарды мектепке даярдоо процесси” дисциплинасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу 6-жадыбалда көрсөтүлгөн.

**6-жадыбал. Дисциплинанын жалпы эмгек сыйымдуулугу**

| Дисциплиинанын коду | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу, кредити | Аудиториялык иш, сааты | СӨИ, сааты | Бардыгы, сааттар | Отчеттуулук (зачет / экзамен) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Б.1.3.7. | 7 | 6 | 90 | 90 | 180 | Экзамен |

«Балдарды мектепке даярдоо процесси» дисциплинасы боюнча дарстарды, практикалык сабактарды өтүү жана студенттин өз алдынча иштөөсү каралган. Окутуунун бардык формалары боюнча студенттер менен байланышта иштөөгө жана студенттердин өз алдынча иштөөсүнө сааттар бөлүнүп көрсөтүлгөн дисциплинанын көлөмү 7-жадыбалда берилген.

**7-жадыбал. Окуу дисциплинасынын көлөмү жана окуу ишинин түрлөрү**

| **Окуу ишинин түрү** | **Сааттардын көлөмү** |
|---|---|
| Максималдуу окуу жүгү (бардыгы) | 180 |
| Милдеттүү аудиториялык окуу жүгү (бардыгы) | 90 |
| Анын ичинде: | |
| Дарстар | 50 |
| Практикалык сабактар | 40 |
| Студенттин өз алдынча иши (бардыгы) | 90 |
| Анын ичинде: | |
| практикалык сабактарга тапшырмаларды даярдоо | 20 |
| жүзачарларды (презентацияларды), рефераттарды, баяндамаларды, кластер, коцептуалдык карта даярдоо | 10 |
| модулдук текшерүүлөргө, зачетко даярдануу | 10 |
| Жыйынтыктоочу аттестация: | Экзамен |

### 5.2. Окуу дисциплинасынын бөлүмдөрүнүн мазмуну.

Дисциплинанын мазмунун чагылдыруучу, окуу иштеринин түрлөрү боюнча түзүмдөлгөн жана окуу планына ылайык алардын көлөмдөрүн көрсөткөн тематикалык план 8-жадыбалда берилген. Студенттерден мына ошол мазмунду толук өлчөмдө өздөштүрүү талап кылынат.

**8-жадыбал. «Балдарды мектепке даярдоо процесси» дисциплинасы боюнча окуу-тематикалык план**

| **Бөлүмдөр менен темалардын аталышы** | **Дарстар менен практикалык сабактардагы окуу материалынын мазмуну, аларды окутууда колдонулуучу технологиялар, студенттин өз алдынча иши (СӨИ)** | **Сааттардын саны** |
|---|---|---|
| Лекция №1<br>Балдардын мектептеги окууга даярдыгынын психологиялык, педагогикалык проблемалары | Дарстын мазмуну:<br>1. Интеллектуалдык даярдык<br>инсан катары даяр болуу<br>Эрки жагынан даяр болуу<br>Колдонулуучу технология: Киришүү дарсы | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Практика № _____1_____(1с)<br>***"Үй" методикасы***<br>2. Практика №___2____ (1с)<br>***«Ооба» жана «жок» методикасы***<br>Колдонулуучу технология: Кайчылаш дискуссия | *2 саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү:<br>Методиканы иштеп келүү, 1 баланын мисалында | 4 саат |
| Лекция №2Баланын мектепте окутууга даярдыгы жөнүндө түшүнүк | Дарстын мазмуну:<br>1. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгы<br>Колдонулуучу технология: Маалыматтык дарс | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1 Практика № ____3____ (1с)<br>Баланын мектепке карата ички позициясын изилдөө (аңгемелешүү) методикасы<br>Практика № _____4______(1с)<br>Баланын жаңы ички позициясын изилдөө<br>Колдонулуучу технология: Ротация | *2 саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү:<br>аңгемелешүүгө анкета түзөт, жыйынтыгын чыгарат | 4 саат |
| Лекция №4<br>Мектепте окутууга даярдыктын компоненттеринин мүнөздөмөсү | Дарстын мазмуну:<br>1. Физикалык даярдык<br>2. Мотивациялык даярдык<br>3. Акыл-эстик даярдык<br>4. Эмоционалдык-эрктик даярдык<br>5. Баарлашууга даярдык<br>Колдонулуучу технология: Илгерилетилген дарс | **6 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Схемалуу сүрөттөө, анын этаптарын атоо.<br>Колдонулуучу технология: Т-схема | *4 саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү: | 2 саат |

| | | |
|---|---|---|
| | Кластер түзүү | |
| Лекция №5<br>6-7-жаштагы балдардын дене боюнун жана психикалык өнүгүшүнүн куракттык өзгөчөлүгү | Дарстын мазмуну:<br>1. Физиологиялык өзгөчөлүгү;<br>2. Психикалык өнүгүшү;<br>3. Кабылдоо жана фонемалык угуу;<br>Колдонулуучу технология: Проблемалуу дарс | **4 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>**1.** Практика № ____5_______<br>Керн-Йерасектин мектепке даяр болууну текшерүүчү тести<br>Колдонулуучу технология: Дискуссия | *2 саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү:<br>аңгемелешүүгө тест түзөт, жыйынтыгын чыгарат | 6 саат |
| Лекция №6<br>Мектепке психологиялык жактан даяр болуунун диагностикалоо | Дарстын мазмуну:<br>1. Балдардын мектепке психологиялык жактан даярдыгын аныктоонун процедурасы<br>2. Изилдөөнү уюштуруу<br>3. «Психикалык өнүгүүсүнүн картасын» түзүү<br>Колдонулуучу технология: Маалыматтык дарс | **4 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Практика №__6____ (1с)<br>Методика «Графикалык диктант» (Д.Б. Эльконин боюнча)<br>Колдонулуучу технология: Аналитикалык жалпылоо | *2 саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү:<br>«Психикалык өнүгүүсүнүн картасын» түзүү | 10 саат |
| Лекция №7<br>Тарбиялоонун милдеттери | Дарстын мазмуну:<br>1. Акыл-эстик тарбиялоо<br>2. Дене тарбия.<br>3. Сөз өстүрүү.<br>4. Адеп-ахлактык тарбия.<br>5. Эстетикалык тарбиялоо<br>6. Экономикалык тарбия<br>7. Мектепке даярдоо<br>Колдонулуучу технология: Маалыматтык дарс | **3саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Тарбиялоонун милдеттерине жараша топ менен иштешет. (Презентация)<br>Колдонулуучу технология: «Биргелешип издөө» дискуссиясы | *4 саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү:<br>Тарбиялоонун милдеттери (Презентация) | 10 саат |
| Лекция №8<br>Балдардын жашоо-турмушун уюштуруу | Дарстын мазмуну:<br>1. Күндөлүк режим.<br>2. Күндөлүк режимди түзүү<br>Күндөлүк режимге жетекчилик кылуу<br>Колдонулуучу технология: Проблемалуу дарс | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Күндөлүк режим түзүү<br>Колдонулуучу технология: Ротация | *2 саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү: | 4 саат |

| | | |
|---|---|---|
| | Күндөлүк режимди сигналдык белгилер же сүрөттөр аркылуу берүү 5-6-жаштагы балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша даярдоо | |
| Лекция №9 Балдардын денсоолугун коргоо жана чыңдоо ж-дө камкордук | Дарстын мазмуну:<br>1. Чыңдоо.<br>2. Аба менен чыңдоо:<br>3. Суу процедуралары:<br>4. Күн менен чыңдоо<br>Колдонулуучу технология: Илгерилетилген дарс | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Чыңдоо процедураларын кундөлүк режимдин түзүүдө колдонуунун эрежелерин түзүү<br>Колдонулуучу технология: Жуптарда иштөө | *2 саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү:<br>Кундөлүк режим, Алтын эреже түзүү макал менен. | 5 саат |
| **1-модуль үчүн бардыгы** | **Дарс**<br>**Практикалык сабак**<br>**Студенттин өз алдынча иштөөсү** | ***25***<br>***20***<br>***45*** |
| | **2-модул** | |
| Лекция №10<br><br>Балдарды күндөлүк турмуштагы тарбиялоо. Этикет. | Дарстын мазмуну:<br>Маданий жайда жүрүү эрежелери<br>Колдонулуучу технология: Акыл чабуулу, Проблемалуу дарс | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>Бала бакчада журүүнүн эрежесин түзүү<br>Колдонулуучу технология: Ротация методу | *2 саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү:<br>Презентация даярдоо | 10 саат |
| Лекция №11<br><br>Айлана-чөйрө жана коомдук турмуштун көрүнүштөрү менен тааныштыруу | Дарстын мазмуну:<br>“Мен” жана курчап турган чөйрө.<br>Колдонулуучу технология: Маалыматтык дарс | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Предметтин максатына жараша активдүү борбор түзүү<br>Колдонулуучу технология: Кичи топтордо иштөө | *2 саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү:<br>Активдүү борборго керектелүүчү куралдардын тизмегин түзүү | 2 саат |
| Лекция №12<br><br>Оюн ишмердүүлүгүн калыптандыруу. | Дарстын мазмуну:<br>Оюндун формалары<br>1. Сюжеттик-ролдук оюн (чыгармачылык)<br>2. Театрдаштырылган оюндар.<br>3. Дидактикалык оюндар.<br>4. Кыймылдуу оюндар:кыргыздын кыймылдуу оюндары:<br>Колдонулуучу технология: Илгерилетилген дарс | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>Кичи топтордо кластер түзүү,бодуракай тамгалар менен иштөө<br>Колдонулуучу технология: Ротация | *2 саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү: | 2 саат |

| | | |
|---|---|---|
| | Бодуракай тамгаларды өз алдынча түзүү | |
| Лекция №13<br><br>Эмгек. Эмгектенүү системасына катышуусу. | Дарстын мазмуну:<br>1. Чарбалык-тиричилик эмгек.<br>2. Жаратылыштагы эмгек.<br>3. Өз алдынча көркөм өнөр ишмердүүлүк<br>Колдонулуучу технология: Маалыматтык дарс | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>Класстер, Чыгарманын картасы<br>Колдонулуучу технология: Кичи топтордо иштөө | *1 саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү: Эмгектин уюштурулушу боюнча слайд түзүү<br>Презентация | 10 саат |
| Лекция №14<br><br>Билим берүү процессин уюштуруу. | Дарстын мазмуну:<br>1. Балдарды мектепке даярдоо программасынын окуу планы;<br>2. Максаты;<br>3. Милдети;<br>4. Уюштуруу<br>Колдонулуучу технология: Маалыматтык дарс | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Предметтердин санына жана сабактардын жүктөмүнөжараша расписание түзүү<br>Колдонулуучу технология: Айрым изилдөө | *2саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү:<br>Расписаниене презентациялоо | 2 саат |
| Лекция №15<br><br>Активдүүлүк борборлорун жабдуу: | Дарстын мазмуну:<br>1Активдүү борборлорду жабдуу,расписание түзүү<br>"Оюн", "Математика" "Искусство""Кеп өстүрүүжана балдар адабият борбору""Илимий""Манипуляциялык"<br>Колдонулуучу технология: Проблемалуу дарс | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>Активдүү борборлорду түзүү, алардын жабдылышын сүрөттөө<br>Колдонулуучу технология: Дискуссия | *2саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү:<br>Ар бир борбор бөлүнгөнүнө жараша, керектелүүчү куралдарды жана иштелүүчү иштин мазмуунун түзүү | 3 саат |
| Лекция №16<br><br>Кеп өстүрүү | Дарстын мазмуну:<br>1. Кеп өстүрүү предметинин максаты<br>2. Кеп өстүрүү предметинин милдети.<br>Колдонулуучу технология: Маалыматтык дарс | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>• фонематикалык угууну өнүктүрүү;<br>• тыбыштыктарды туура айтууну өнүктүрүү жана бекемдөө;<br>• эне тилдин бардык тыбыштарын уга жана туура айта билүүсүн өнүктүрүү;<br>• кептин грамматикалык түзүлүшүн түшүнө билүүгө үйрөтүү;<br>• байланыштуу кепти өнүктүрүү (диалогдук, монологдук);<br>• артикуляциялык аппаратты өнүктүрүү;<br>• активдүү жана пассивдүү сөз корун кеңейтүү; | *2 саат* |

| | | |
|---|---|---|
| | • сөз корун активдештирүү, кеп учурунда жаңы сөздөрдү колдонуу;<br>• ырларды жаттоо жана кайра айтып берүү;<br>Колдонулуучу технология: Жуптарда иштөө | |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү:<br>Балдар үчүн ыр жаттоо | 2 саат |
| Лекция №17<br><br>Сабатка үйрөтүү | Дарстын мазмуну:<br>1. Сабатка үйрөтүү предметинин максаты<br>2. Сабатка үйрөтүү предметинин милдети.<br>Колдонулуучу технология: Маалыматтык дарс | **3 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>• тыбыштыктарды угуу, ажырата билүү, айырмалай билүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү;<br>• сөздөрдөгү тыбыштардын санын жана алардын сөздөгү ордун (башталышы, ортосу, аягы) аныктоону билүү;<br>• сөздөрдү тыбыштык талдоонун схемасы менен тааныштыруу;<br>• үндүү жана үнсүз тыбыштарды белгилеген тамгалар менен тааныштыруумуундарды жана сөздөрдү түзүүгө үйрөтүү;<br>• эки колдун жана манжалардын координациясын жана майда моторикасын өнүктүрүү (колду жазуу жазганга даярдоо;<br>• калем сапты, калемди туура кармоого жана баш тамгалардын элементтерин жазууга үйрөтүү;<br>• сөздөрдө жана фразаларды айтканда эне тилиндеги тыбыштарды туура жана так айтууга көмөктөшүү;<br>• эске тутууну өнүктүрүүгө көмөктөшүү (ырларды жаттоо);<br>• тыбыштарды артикуляциялык жактан так жана туура айтууга<br>• көнүктүрүү;<br>• бир барак кагаздын бетинде туура багыт алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү.<br>Колдонулуучу технология: Кайчылаш дискуссия | *2 саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү:<br>Балдар үчүн ыр жаттоо | 2 саат |
| Лекция №18<br><br>Эң жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу | Дарстын мазмуну:<br>1. Эң жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу предметинин максаты<br>2. Эң жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу предметинин милдети.<br>Колдонулуучу технология: Маалыматтык дарс | **4 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>• 20га чейинки сандар жөнүндөгү түшүнүктөрдү калыптандыруу.<br>• 20га чейин ирети менен жана артка карай саноого үйрөнүүнүүлантуу;<br>• 20га чейинки сандарды ажыратып билүү;<br>• 20га чейинки чектеш жана удаалаш сандарды салыштыруу.<br>• Барабарсыздыктан кантип барабардык жасоону үйрөтүү;<br>• 8 саны 7ден чоң, эгерде 7ге 1ди кошсок, анда 8гё | *2 саат* |

| | | |
|---|---|---|
| | барабар болот.<br>• 7 саны 8ден кичине, мында 1 жетпейт, эгерде 8ден 1ди кемитсек, анда эки жерде тең 7ге барабар болот.<br>• 20га чейинки сандардын чегинде сандык жана иреттик саноону айырмалоого машыгуу<br>• Чектелген тегиздикте багыт ала алат (кагазбарагы, дептердин бети, класстык доска);<br>• предметтерди белгилүү тартипте тыкан, аралыктарды сактап жайгаштырат: солдон оңго карай, ондон солго карай;<br>• өзүнө жана башка предметтерге салыштырмалуу берилген предметтин ордун сөз менен туюнта билет;<br>• объектилердин мейкиндиктеги катышын жана кыймыл багытын аныктай алат;<br>• чакмак барактын бетинен жолчону жана мамычасын аныктай алат;<br>• барактын оң, сол, төмөн жана жогорку чектерин аныктай алат.<br>**Убакытка карата багыт алуу**<br>• сутканын бөлүктөрүн айырмалап, атап жана алардын удаалаштыгын аныктай алат;<br>• жуманын күндөрүн жана алардын удаалаштыгын билет;<br>• айлардын аталыштарын жана алардын удаалаштыгын билет;<br>• жыл мезгилдерин жана алардын удаалаштыгын билет;<br>• сүйлөгөндө адегенде, кийин, мурда, кечирээк деген сөздөрдү колдоно билет;<br>• убакытты сезе билет.<br>Колдонулуучу технология: Кичи топтордо иштөө | |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү:<br>Убакытты билдирген сигналдык карточкаларды жасап келүү | 4 саат |
| Лекция №19<br><br>Мектеп жашына чейинки жогорку куракта психологиялык өнүгүүнүн жыйынтыктары | Дарстын мазмуну:<br>1. Баланын ички жана сырткы психикалык дүйнөсүКолдонулуучу технология: Маалыматтык дарс | **2 саат** |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Мектепке чейинки курактын **«борбордук жаңы түзүлүшү;**<br>2. Өздүк аң-сезимдин өрчүшүнүн бир багыты катары **рефлексиянын*** калыптанышы<br>3. Кабыл алуу жана туюу процесстеринин өнүгүүсү<br>4. Социалдык байланыштарды түзүүдө баланын социалдык «Мен» сезиминин жаралышынын мезгили<br>Колдонулуучу технология: дискуссия | *1 саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү:<br>Өнүгүү деңгээлинин схемасын салыштыруу, өнүгүүгүн мезгилдүүлүгү | 4 саат |
| Лекция №20 | Дарстын мазмуну:<br>**1.** Баланы мектепке психологиялык жактан даярдоо боюнча | **2 саат** |

| | | |
|---|---|---|
| Баланы мектепке психологиялык жактан даярдоо боюнча | ата-энелерге кеңештер<br><br>Колдонулуучу технология: Проблемалуу дарс | |
| | Практикалык сабактын мазмуну:<br>• Өзүн-өзү баалоо<br>• Баланын колдорунун моторикасын (кыймылдарын) өнүктүрүү<br>• Баланын денесинин кыймыл-аракеттерин өнүктүрүү<br>Колдонулуучу технология: Жуптарда иштөө | *2 саат* |
| | Студенттин өз алдынча иштөөсү:<br>Баланы мектепке психологиялык жактан даярдоо боюнча ата-энелерге сунуш даярдоо (презентация) | 10 саат |
| **2-модуль үчүн бардыгы** | **Дарс**<br>**Практикалык сабак**<br>**Студенттин өз алдынча иштөөсү** | **25**<br>**20**<br>**45** |
| **Жыйынтыгы** | | **180 саат** |

## 6. БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

### 6.1. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу билим берүү технологиялары

«Балдарды мектепке даярдоо процесси» окуу дисциплинасын өтүүдө аудиториялык сабактарда негизинен дарс технологиясы басымдуу колдонулат. Дарстардын негизги милдети – студенттерди БМДнун теориясы жана практикасы боюнча билимдер тутуму менен тааныштыруу. Дарстар дисциплинанын программасында камтылган негизги маселелерди чагылтат. Материалды баяндап берүүдө дарстардын ар кыл түрлөрү: киришүү дарсы, проблемалуу дарс, илгерилетүүчү дарс, жыйынтыктоочу дарс колдонулат. Окутуучу студенттердин ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн активдештирүү, теманын жеке маселелерин талдоо, жалпылоо, өзгөчөлүктөрүн айкындоо билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу милдетин коёт.

### 6.2. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары

Практикалык сабактар теориялык жана практикалык мүнөздөгү суроолорду камтыйт. Талкууга коюлуучу маселелер мазмундуу, актуалдуу келип, дарстарда берилген негизги жоболорду чагылтууга тийиш. Практикалык сабактарды өтүү дарстарда берилген билимдерди бышыктоого жана студенттерди өз алдынча иштөөгө багыттоого арналат. Практикалык сабактар окутуунун интерактивдүү формаларын колдонуу менен өткөрүлөт, бул студенттерге каралып жаткан маселе боюнча өз көз карашын айтууга жана аны талкуу учурунда коргоого үйрөнүүгө жол ачат. Практикалык сабактарда студенттердин илимий маалымат менен иштей билүү, чечимдерди талдай жана жалпылай, кабыл ала жана негиздей билүү билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу, өркүндөтүү дидактикалык маселелери чечилет.

Аналитикалык жалпылоо – окулганды суммалоону, кошууну болжогон жазуу ишинин түрү. Окулгандын негизинде түзүлөт, окулганды туура түшүнүүнү чагылтат. Макалада же китепте камтылган материал жалпыланчу жана кыска бааланчу жазуу иши.

«Биргелешип издөө» дискуссиясы – окутуучу күн мурун камдаган суроолордун жардамы менен студенттердин тема, проблема же текст боюнча түшүнүктөрүн тереңдетүү

максатында талкуу жүргүзүү. Жетелөөчү суроолордун жардамы менен талдоо жасоону болжойт.

Дискуссия – туура ыкмаларды гана колдонуп, акыйкаттыкка жетүүгө багытталган талаш. Бул тематикалык жана формасы корректтүү полемика. Анын максаты түрдүү көз караштарды кароо, акыйкаттыкты издөө, табуу болуп саналат.

Жуптарда иштөө – проблеманы, суроону жуп-жуп болуп талкуулоо. Тайпада иштөөнүн бир бөлүгү, этабы болуп саналат.

Кайчылаш дискуссия – эки ача суроонун негизинде, эки тараптын өз аргументтерин (жүйөөлөрүн) кезек менен келтирүүсү түрүндө так уюштурулган дискуссия.

Кичи топтордо иштөө – үч-жети кишиден турган топторго биригип, бир максатты көздөп, баарлашууда жана биргелешкен ишмердүүлүктө кызыкчылыктары менен керектөөлөрү окшош болгон окуу иш-аракети. Белгилүү бир ишти аткаруу үчүн бир нече адамдын биригүүсү менен жүзөгө ашат.

Ротация усулу менен пикир алмашуу – чогуу иштөөнүн стратегиясы, дискуссиянын бир түрү, маселелерди, проблемаларды белгилүү бир схема боюнча талкуулоо.

Т-схема – аргументтер менен контраргументтерди келтирүү үчүн графикалык уюштуруучу. Маалыматты классифкациялоого, баалоого, тутумдаштырууга жол берет. Мында карама-каршы турумдар көрсөтмөлүү берилет.

Эссе – конкреттүү себеп же маселе боюнча жекече таасирлер менен пикирлерди чагылтуучу, баяндоонун предметин аныктоого жана аягына чыгарууга талаптанбаган, көлөмү чакан жана композициясы эркин прозалык чыгарма.

**9-жадыбал. Интерактивдүү формаларда өтүлүүчү аудиториялык сабактардын үлүшү**

| **Семестри** | **Сабактын түрү (** | **Колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары** | **Сааттардын саны** |
|---|---|---|---|
| 8 | д, пд | Проблемалуу дарс, илгерилетилген дарс | 40 |
| | пс | Аналитикалык жалпылоо, ассоциативдүү жазуу, «Биргелешип издөө» дискуссиясы, дискуссия, жуптарда иштөө, кайчылаш дискуссия, кичи топтордо иштөө, ротация, Т-схема, түрдүү булактар боюнча баяндама | 40 |
| **Жыйынтыгы:** | | | 90% |

Окуу дисциплинасынын аудиториялык сабактарында интерактивдүү формада өтүлүүчү сааттардын жалпы үлүшү 90%ды түзөт.

## 7. ЖЕТИШҮҮНҮ КҮНДӨЛҮК ТЕКШЕРҮҮНҮН, АРАДАГЫ АТТЕСТАЦИЯНЫН ЖАНА ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНДА ИШКЕ АШЫРЫЛУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН БААЛООЧУ КАРАЖАТТАРЫ

550700 – Педагогикалык билим берүү багытынын ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык студенттердин жекече жетишүүсүнүн дисциплина боюнча мерчемделген окутуунун натыйжаларына ылайыктыгын аттестациялоо үчүн баалоочу каражаттардын чени түзүлгөн (1-тиркеме). Ага 1-2-модулдун (арадагы аттестациянын, зачеттун) суроолору, ошол суроолор боюнча түзүлгөн модулдун жана зачеттун билеттери кирет.

# 8. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА ТЕКШЕРҮҮЧҮ-БААЛООЧУ ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ УЮШТУРУУ

Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларын текшерүү жана баалоо окутуучу тарабынан практикалык сабактарды өтүү, ошондой эле студенттердин өз алдынча иштерди аткаруу, модулдук текшерүү, арадагы аттестация (зачет) жараянында жүзөгө ашырылат. Практикалык сабактардын мазмуну боюнча ар бир практикалык сабакта оозеки сурамжылоо (күндөлүк текшерүү) жүргүзүлүп, студенттердин оозеки жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, "эң жакшы" – 86-100 упай, "жакшы" – 76-85 упай, "орто" – 60-75 упай, "жаман" – 0-59 упай). Модулдук текшерүү жана арадагы аттестация (зачет) оозеки формада өткөрүлүп, ал үчүн үч суроодон турган билеттер даярдалат. Билеттер теориялык маселелерди да, практикалык мүнөздөгү тапшырмаларды да камтышат. Студенттердин билеттердин суроолоруна берген жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, "эң жакшы" – 86-100 упай, "жакшы" – 76-85 упай, "орто" – 60-75 упай, "жаман" – 0-59 упай). Студенттердин практикалык сабактардан жана эки модулдан топтогон упайлары жыйынтыктоочу бааны коюу үчүн жетиштүү болсо, алар арадагы аттестациядан (зачеттон) бошотулат.

### *8.1. Учурдагы текшерүү (УРТ)*

**Учурдагы текшерүүнү** жүргүзүү үчүн текшерүүчү суроолор жана тапшырмалар (20 тесттен аз эмес тесттик тапшырмалар), **жыйынтыктоочу текшерүү** үчүн суроолор жана тапшырмалар (30дан аз эмес тесттик тапшырмалар).

### 8.2. Дисциплинаны окутууда төмөндөгүдөй текшерүү жүргүзүлүшү зарыл:

1. Оозеки суроолорду жүргүзүү;
2. Жазуу жүзүндө суроолорго жооп берүү;
3. Аралаш суроолор (комбинированный);
4. Үй тапшыпманы презентация кылуу жана группага жана жекече берилген тапшырмаларды талкуулоо, өтүлгөн материалды талкуулоого, анализдөөгө катышуу жана курстагы материалдарды системалаштырууга көнүгүү;
5. Тренинг,тегерек стол, дебат,топ менен иштөөдө чыгармачылык жана өз билимин жактоо, чечим кабыл алууда башкалардын ою менен макулдашуу,талкуулоо;
6. Тесттер-жазуу( электрондук) текшерүүнүн түрү(Тест-тапшырма,Тест-процесс,Тест- ыкма, Тест-контролдоонун формасы, Тест-инструмент).

### 8.3. (РРТ)

(РРТ) га Студент УРТ жана СӨИ 42 баллдан төмөн эмес алган учурда, бекитилген графиктин негизинде 9- 18- жумада ( академиялык календарь) кирет.

РРТ ны кафедранын чечими менен текшерүү иштери же тестирлөө жүргүзүлөт ( бланкага же электрондук) жана жыйынтыгы электродук формада жазылат. 1- жана 2- РРТ дө 60 балл дан кем алып калган студент аттестациядан өтпөйт жана кайра курса жазылууга укугу бар. ( кайталап окуу). Студенттердин себептүү сабак калтыргандары, окуу бөлүмү боюнча проректордун уруксааты менен РРТ жиберилет.

### 10-жадыбал. Жазуу иштерин баалоонун болжолдуу чен-өлчөмдөрү

| № | Баалоонун параметрлери | Упайлардын саны |
|---|---|---|
